# Тил тагдыры-эл тагдыры



# Кыргыз тили

Сканировано с CamScanner

# УЛУК БОЛСОМ, ТИЛИМ МЕНЕН УЛУКМУН. УЛУТ БОЛСОМ, ТИЛИМ МЕНЕН УЛУТМУН!

(Э. Ибраев)

*Кыргыз тили - бул Кыргыз Республикасынын улуттук тили!*

*1989 - жылы 23 - сентябрда Кыргыз тили «Улуттук тил» статусуна ээ болгон. Мындан 2-3 жыл мурда статистикалык маалыматтарда: «Кыргыз тили жоголуу коркунучунда турат» - деп өлкөбүз дүң дей түшпөдү беле?!*

*Тилибиздин тагдыры элибиздин тагдыры менен байланыштуу эмесби. Ошондуктан, тилибиздин келечегине кам көрүү керектигин унутпашыбыз абзел. Карап турсак, элибиз экиге бөлүнгөн сыяктанат. Себеби, арабызда «киргиздердин» саны арбууда.*

*«Чала молдо дин бузат» - сыяктанып, «киргиздерибиз» орусча туура , так сүйлөй алышсачы. Макул башка тилди үйрөнүшсүн, сүйлөшсүн. Бирок, өз эне тилин «курмандыкка чалуу» туура эмес го! Биз кыргыздар оозубуз менен айтып, мыйзам чегинде кагаз бетине түшүрүп, «Алма быш оозума түш» - сыңары, сепкен үрөнүбүздү жакшылап жыйнабай, эч бир жыйынтык ала албай жатпайбызбы?*

*Кандай чара колдонсок эффективдүү натыйжага жетишебиз? Кантсе да, тилибиздин деңгээлин которуу жаштарыбыздын колунда. Жок дегенде, көкүрөгүбүзд уялаган патриоттук сезимибизди ойготолучу! Сиздерд кыргыз тилин сүйүүгө, аны коргоого, албетте, ал тилд сүйлөөгө чакырабыз!*

«Кайда жүрсөм кыргыз тилин кадырлайм,

Ал тил менен иштейм, сүйлөйм, ыр ырдайм.

Башка тилди кандай жакшы көрсөм да,

Өз тилимди сүйгөнүмдөн жаңылбайм,» - деп өз патриоттук сезимин төрт гана ыр сап менен бере алган, лирик акыныбыз Алыкул да кыргыз тилинин ыйыктыгын, улуулугун даңазалаган. Өз тилиңди билбей туруп, башка тилди үйрөнүү акылга сыйбаган нерсе.

Кыргыз тилим күч - кубатым жөлөгүм,


Ата болуп үйрөткөн жашоо өнөрүн.

Жаным бирдей, каным бирдей көрөмүн,

Ал өлгөндө, мен да кошо өлөмүн!

(Т. Үмөталиев)

Бардык кыргыз элин «ТИЛ МАЙРАМЫ» менен куттуктайбыз. Тилибиз үчүн, анын өркүдөп - өсүшү үчүн салымын кошкон чыгаандарыбызга жана салымын кошуп жаткан атуулдарыбызга таазим этебиз!



Сканировано с CamScanner

# ТИЛ!

Тили жок жашай албайт кыргыз эл,
Тили жок онүго албайт кыргыз эл.
Тилден ыйык нерсе барбы?
Тилден чыккан кыргыз калкы.

Тил омүрдо унутулгус,
Унутпайлы улуу кыргыз!
Тил омүрдо унутулса,
Арман болот улуу кыргыз.

Өмүр деген зымырык куш,
Өткөрбөйлү тилсиз турмуш.
Өткөрсөк да өмүрлөрдү,
Өкүнбөйлү тилге кыргыз!

Салкын АЛИЕВА

# ДИЛ БАЯН

Ар бир элди улут катары тааныткан—анын тили. Биздин улуттук тилибиз - Кыргыз тили. ЭНЕ ТИЛ! Кандай жонокой, кандай терец, кандай улук соз! Дал ушул соз ар бирибиздин каныбызды ойнотуп, акылыбызды арыштатып турат.

Кыргыз элин, эне тилин, Ата Мекенин душмандардан коргоо үчүн, илгери Манас бабабыз да жоого атганган.

«Эне тилсиз укмак белем «Манасты», Эне тилсиз укмак белем санатты» - деген сыцарындай тил аркылуу дилибиздеги оргуштаган ыр түрмокторүн, тунук, таза сезимдерибизди дүйного жар салып билдире алабыз.

